**«КАБЫЛ АЛЫНДЫ»**
**ОшТУнун Окумуштуулар кеңешинин 2025-жылдын**
**27- июнундагы**
**№ 9 протоколу менен**

**«БЕКИТЕМИН»**
**ОшТУ ректору, т.и.к., проф.**
**Турсунбаев Ж.Ж.**
**_____________**
**« 2 » ____________ 2025-ж.**
**№ 373-01 буйрук**

# М.М. АДЫШЕВ АТЫНДАГЫ ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН №29 БЮЛЛЕТЕНИ

## М.М. АДЫШЕВ АТЫНДАГЫ ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН КЫЗЫКТАР ТАРАПТАРЫНЫН КАНААТТАНУУСУН БААЛОО ЖАНА МОНИТОРИНГИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОСУ

**Ош – 2025**

Кызматтык пайдаланууга

М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин кызыктар тараптарынын канааттануусун баалоо жана мониторинги жөнүндө жобосу. – Ош, 2025-ж., 36 б.

Түзүүчүлөр: Турсунбаев Ж.Ж., Сатыбалдыев А.Б., Шабданов М.Д., Азимова А.А.

Окумуштуулар кеңешинин 2025-жылдын 27-июнундагы №9-жыйынынын протоколунун негизинде бекитилген

## МАЗМУНУ

1. Жалпы жоболор ....................................................................................................4
2. Мониторинг жүргүзүүнүн жана баалоонун тартиби................................................ 5
3. Мониторинг жүргүзүүнүн тартиби ............................................................................ 7
4. I - курстардын студенттеринен сурамжылоо жүргүзүү "Жогорку окуу жайы катары эмне үчүн оштуну тандап алыдыңыз?" (Тиркеме 1) ........................................ 9
5. «ОшТУнун институттарынын/колледжинин ишинин сапатын баалоо» анкетасы (Тиркеме 2) ................................................................................................................ 10
*6.* ОшТУнун студенттеринин окуу процессине канааттануусун баалоо боюнча анкета (*Тиркеме 3)*............................................................................................... *12*
*7.* ОшТУнун ишмердүүлүгүнө профессордук-окутуучулук курамдын канааттануусун баалоо боюнча анкета *(Тиркеме 4)* ............................................. *15*
*8.* ОшТУнун акыркы курсунун студенттери үчүн анкета (*Тиркеме 5)*.................... *19*
*9.* ОшТУнун китепканасынын ишинин сапатын баалоо анкетасы (*Тиркеме 6)*.......*22*
*10.* ОшТУнун медициналык пунктунун ишинин сапатын баалоо анкетасы (*Тиркеме 7)*................................................................................................................*23*
*11.* ОшТУнун архивинин ишини сапатын баалоо анкетасы (*Тиркеме 8)*...................*24*
*12.* ОшТУнун ашканасынын ишинин сапатын баалоо боюнча анкета (*Тиркеме 9).25*
*13.* "Окутуучу студенттин көзү менен" анкетасы (*Тиркеме 10)*...............................*26*
*14.* Бүтүрүүчүлөрдүн билим сапатына болгон канааттануусу боюнча анкета (*Тиркеме 11)*...............................................................................................................*27*
*15.* Иш берүүчүлөрдүн канааттануусун баалоо үчүн анкета (*Тиркеме 12)*................*30*
*16.* ОшТУнун студенттеринин жатаканада жашоо шарттарына канааттануусу боюнча анкета *(Тиркеме 13)*......................................................................................... *33*
*17.* Студенттин практикадан канааттануусун баалоочу анкета (*Тиркеме 14)*...........*35*
*18.* «Биз – коррупцияга каршы» анкета *(Тиркеме 15)* ..................................................*36*
19. Өзгөртүү баракчасы ....................................................................................................38

***Жалпы жоболор***

1. Жобо төмөнкү негизги документтердин негизинде иштелип чыкты:

- КРнын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы (2023-жылдын 11-августундагы №179-токтому менен бекитилген);
- 2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү Программасы (КРнын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 4-майындагы № 200-токтому);
- Билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоонун Тартиби (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 15-майындагы № 246-токтому);
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Кыргыз Республикасында жогорку жана орто кесиптик билим берүү уюмдарынын ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө» №346 токтому (2012-жылдын 29-майы);
- М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин (мындан ары - ОшТУ) Уставы;
- ОшТУнун ички ченемдик документтери.

2. Жобо кесиптик билим берүүнүн бардык баскычтарында билим берүүнүн стандарттары, ЖОЖдун ишмердүүлүгүн комплекстүү баалоонун инструменттери университеттеги сапатты касмыздоо системасынын же билим берүүнүн сапатын башкаруу системасынын негизи болуп эсептелинет.

3. Профессордук-окутуучулук курамдын, ошондой эле окуу процессинин бардык катышуучуларынын ишмердүүлүгүнүн сапатын баалоо - билим берүү процессинин сапатын камсыздоо системасынын маанилүү бөлүгү болуп эсептелет.

4. Жобо кызыктар тараптардын (тышкы жана ички керектөөчүлөрдүн) керектөөлөрүн аныктоо, окутуучулардын ишмердүүлүгүнө мониторинг жүргүзүү жана алардын керектөөлөрүн канааттандыруу процесстерин жөнгө салат.

5. ОшТУдагы сапатты камсыздоо системасынын негизги багыты университеттин институттарда, магистратура бөлүмүндө жана колледжде билим алып жаткан студенттердин жана магистранттардын ОшТУда билим алып жатканына жана билим алуу шарттарына канааттануусун баалоого мониторинг жүргүзүү болуп эсептелет.

6. Кызыктар тараптардан сурамжылоо жүргүзүү окуу жайдын өзүн-өзү баалоосунун эң негизгилери, себеби кызыктар тараптардан сурамжылоодон топтолгон маалыматтарды талдоодо окуу жайдагы көйгөйлөрдүн булагын аныктоого жана адистерди даярдоодо сапатты жогоруулатууда окуу процессин өнүктүрүүнүн булактарын табууга жардам берет.

7. Билим берүү ишмердлүүлүгүнүн жыйынтыктарынын кызыктар тараптары жана керектөөчүлөрү катары төмөнкүлөр эсептелет: абитуриенттер, студенттер жана алардын туугандары, магистранттар, иш берүүчү мекемелер, профессордук-окутуучулук курам, админиcтативдик башкаруу, окуу-көмөкчү жана башка персонал, коом жана бүтүндөй мамлекет.

8. Кызыктар тараптардын керектөөлөрүн/күтүүлөрүн түшүнүү жана канааттандыруу максатында жүргүзүлгөн сурамжылоо процедурасындагы талаптары билим берүү ишмердүүлүгүн жана тышкы байланыштарды өнүктүрүү максатында ОшТУнун бардык түзүмдүк бөлүмдөрүнө таркатылат.

9. Бул жобо 2024-жылдын 29-апрелинде №7-протокол менен бекитилегн №29 “ОшТУдагы «Студенттердин көз карашы менен” сурамжылоонун жобосуна кайрадан толукталып, иштелип чыкан варианты болуп эсептелет.

## 2. Мониторинг жүргүзүүнүн жана баалоонун тартиби

2.1. Билим берүү процессинин мониторинги – бул университеттин ишмердүүлүгү жөнүндө статистикалык жана аналитикалык маалымаатарды топтоо, иштеп чыгуу, талдоо, сактоо, туруктуу иштешин өз убагында жөнгө салынышын жана өнүгүүнү болжолдоону камсыздайт.

2.2. Мониторингдин негизги максаты – билим берүү ишмердүүлүгүнүн сапатын баалоонун системасынын иштөөсүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу жана билим берүү ишмердүүлүгүнүн натыйжаларын керектөөчүлөрдүн/иш берүүчүлөрдүн талаптары менен максималдуу шайкештигин камсыз кылуу.

2.3. Мониторингдин милдеттери:

- билим берүү ишмердүүлүгүнүн мазмуну, уюштурулушу жана сапаты тууралуу маалымат алуу;
- билим берүү ишмердүүлүгүнүн сапатынын өсүшүн аныктоо;
- сурамжылоодон алынган жыйынтыктарды талдоо жана студенттерди даярдоо учурунда билим берүү ишмердүүлүгүн андан ары өркүндөтүү жана билим берүүнүн сапатын жакшыртуунун сунуштарын иштеп чыгуу.

2.4. Мониторингди натыйжалуу жүргүзүүнүн шарттары:

- өркүндөтүүгө багыталуу - ишмердүүлүк процесстеринин жана иш-аракеттеринин натыйжаларынын сапатын жогорулатуу үчүн мониторингдин маалыматтарын пайдалануу;
- керектөөчүлөргө багыт - керектөөчүнүн пикири, анын сапатынын негизги критерий экендигин кабыл алуу;
- демилгелүүлүк - университтетин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жана кызматкерлеринин аракеттеринин натыйжаларын керектөөчүлөрдүн канаттануусу өз изилдөөлөрүн демилгелөө жана жүргүзүү укугун таануу;
- туруктуулук жана улантуучулук - мониторинг жүргүзүүнүн белгилүү мезгилдүү белгилөөнүн жана кынтыксыз сактоонун эсебинен керектөөчүлөрдүн канаатттануу динамикасысы жөнүндө маалыматтарды алуу;
- купуялуулук, академиялык чынчылдык - сурамжылоо учурунда редактирлөө мүмкүнчүлүгүн чектөө.

2.5. Изилдөөнүн предмети мониторинг жүргүзүү обүекттеринин билим берүү ишмердүүлүгүнүн мазмунуна, уюштурулушуна жана сапатына канааттануусун мүнөздөөчү параметр болуп эсептелет.

2.6. Сурамжылоолор атайын санариптик система же анкета (кагаз түрүндө же онлайн форматта) аркылуу уюштурулат. Кызыктар тараптар электрондук сурамжылоого мобилдик тиркеменин жардамында катышат. Кызыктар тараптар ушул Жобого ылайык аныкталган сурамжылоолорго катышууга, адилеттүү баа берүүгө, жаралган көйгөйлөрүн, жакшыртуу сунуштарын билдирүүгө милдеттүү жана укуктуу.

2.7. Сурамжылоонун жыйынтыктары педагогикалык ишердүүлүктү текшерүү, талдоо жана корректирлөө, окутуучулардын педагогикалык чеберчилигин жогорулатуу, институттун/кафедранын, түзүмдүк бөлүмдөрдүн, студенттердин, магистрлердин жана башка кызыктар тараптардын демилгеси менен окутуудагы кемчиликтерди жоюу сыяктуу сапатты камсыз кылуу менен байланышкан университеттин ичиндеги процесстердин бир бөлүгү.

2.8. Кызыктар тараптардын канаттануусун баалоо төмөндөгүдөй этаптардан турат:

- кызыктар тараптардын канаттануусун баалоо боюнча иштерди пландаштыруу;
- кызыктар тараптардын канаттануусун баалоонун көрсөткүчтөрүн/ критерийлерин, методдорун, булактарын, мезгилдүүлүгүн аныктоо;

- кызыктар тараптардын тиешелүү категорияларынын канааттануусун баалоо анкеталарын издеп чыгуу жана валидациялоо;

- кызыкдар тараптардын канааттануу маалыматын чогултуу жана талдоо;

- сурамжылоонун жыйынтыгы менен университеттин ишинин ар кандай аспектилери боюнча кызыктар тараптардын канааттануу даражасын баалоо;

- канааттануу деңгээлин мүнөздөгөн кыйыр көрсөткүчтөр боюнча кызыкдар тараптардын канааттануусун баалоо;

- баалоо натыйжаларын иштеп чыгуу жана талдоо;

- канаттанууну баалоо отчетун түзүү;

- көрсөтүлүүчү билим берүү ишмердүүлүгүнүн сапатын жакшыртуу үчүн оңдоочу жана алдын алуучу иш-чаралардын планын иштеп чыгуу.

2.10. Керектөөчүлөрдүн канааттануусун баалоонун индикаторлору төмөнкүлөр:

- керектөөчүлөрдүн талаптары жана күтүүлөрү;

- студенттердин билиминин, көндүмдөрүнүн, жөндөмдөрүнүн сапаты жана деңгээли;

- окуу-усулдук ресурс;

- профессордук-окутуучулук жана жардамчы-көмөкчү курамдын сапаты;

- материалдык-техникалык базанын сапаты;

- илимий жана инновациялык ишмердүүлүк;

- бүтүрүүчүлөрдүн эмгек рыногундагы суроо талаптары, атаандаштыкка жөндөмдүүлүк,;

- университеттин керектөөчүлөр менен өз ара байланыштары.

2.11. Мониторинг жүргүзүүгө талаптар:

- айкындуулук,

- ишенимдүүлүк,

- жөнөкөйлүк,

- ыкчамдуулук,

- үнөмдүүлүк.

2.12. Кызыктар тараптардын канааттануусун жогорулатуу максатында төмөнкү маалыматтар эске алынат жана талданат:

- конкреттүү кызыктар тараптардын талаптары;

- билим берүү системасын өнүктүрүүнүн мониторингинин натыйжалары;

- билим берүү ишине келечектүү талаптар;

- эмгек рыногунун муктаждыктары.

2.13 Түзүмдүк бөлүмдөрдөгү Сапат боюнча жооптуу өкүлү, билим берүүнүн сапаты, аккредитациялоо жана лицензиялоо бөлүмү (мындар ары – ББСАжЛБ) кызыктар тараптардын канааттануусуна жана күтүүлөрүнө мониторинг жана баалоо процедурасын уюштурат, тышкы жана ички керектөөчүлөрдүн канааттануусун жогорулатуу боюнча тийиштүү оңдоолорду жана алдын алуу сунуштарды кабыл алуу максатында баалоонун натыйжаларына талдоо жүргүзөт.

2.14 Кызыктар тараптардын канааттануусун баалоо университетте окуу жылы ичинде бекитилген пландарга ылайык бир жолудан кем эмес өткөрүлөт.

Университеттин кызматкерлеринин, студенттеринин, магистранттарынын, PhD доктoранттарынын жана бүтүрүүчүлөрдүн канааттануусун баалоо боюнча сурамжылоо ББСАжЛБү жана университеттин түзүмдүк бөлүмдөрүндөгү Сапат боюнча жооптуу өкүлдөрү менен биргеликте жүргүзүлөт.

Ал эми студент-практиканттардын, бүтүрүүчүлөрдүн жана иш берүүчүлөрдүн канааттануусун баалоо университеттин түзүмдүк бөлүмдөрүндөгү Сапат боюнча жооптуу өкүлдөрү тарабынан жүргүзүлөт.

2.15 Керектөөчүлөрдүн канааттануусун баалоо боюнча сурамжылоонун жыйынтыктары ОшТУнун сапат боюнча комитеттин отурумунда, институттардын/колледждин Кеңештеринде жана кафедралардын/ПЦБдын жыйындарында каралып, талкууланат. Сапат комитетинин отурумдарында сурамжылоонун жыйынтыгы боюнча

сунуштар талкууланып, чечимдер кабыл алынып, протоколдоштурулат. Баалоонун жыйынтыктары жана чечимдери тиешелүү структуралык бөлүмдөрдүн жылдык отчетун чагылдырылууга тийиш.

2.16 Кызыктар тараптардын канааттануусу боюнча маалыматтардын жалпыланган талдоону камтыган окуу бөлүмүнүн жылдык отчеттору, кабыл алынган оңдоолор же алдын алуучу аракеттер, ошондой эле жакшыртуу боюнча сунуштардын тизмеси отчеттук мезгил үчүн БСАжЛБдө, институттарда/колледжде жана кафедраларда/ПЦБде 3 жыл бою сакталат.

**3. Мониторинг жүргүзүүнүн тартиби**

3.1 Мониторинг жүргүзүүнүн тартиби ББСАжЛБ, университеттин институттар, колледж, кафедра/ПЦБ, студенттик комитет жана башка окуу, түзүмдүк бөлүмдөрү менен биргеликте өткөрүлөт.

3.2 Сурамжылоо респодenttердин ар бир тобу үчүн иштелип чыккан анкета формаларына ылайык жүргүзүлөт.

3.3 Сурамжылоо төмөнкү багыттарда жүргүзүлөт:

- 1-курстун студенттерине "Жогорку окуу жайы катары эмне үчүн ОшТУнун тандагандыгы" баалоо боюнча анкета (тиркеме 1);
- ОшТУнун институттарынын/колледжинин ишинин сапатын баалоо боюнча анкета (тиркеме 2)
- ОшТУнун студенттеринин окуу процессине канааттануусун аныктоо боюнча анкета (тиркеме 3)
- ОшТУнун ишмердүүлүгүнө профессордук-окутуучулук курамдын канааттануусун баалоо боюнча анкета (тиркеме 4)
- ОшТУнун акыркы курсунун студенттери үчүн анкета (тиркеме 5)
- ОшТУнун китепканасынын ишинин сапатын баалоо анкетасы (тиркеме 6)
- Оштунун медициналык пунктунун ишинин сапатын баалоо анкетасы (тиркеме 7)
- ОшТУнун архивинин ишини сапатын баалоо анкетасы (тиркеме 8)
- ОшТУнун ашканаларынын ишинин сапатын баалоо боюнча анкета (тиркеме 9)
- "Окутуучу- студенттердин көзү менен" баалоо (тиркеме 10);
- бүтүрүүчүлөр үчүн анкета (тиркеме 11);
- иш берүүчүлөрдүн канааттануу даражасын баалоо (тиркеме 12);
- ОшТУнун баарлашуусунда студенттердин жашоо шарттарынын сапатын баалоо (тиркеме 13);
- студенттин практикадан канааттануусун баалоочу анкета (Тиркеме 14)
- "Биз – коррупцияга каршы" боюнча анкетирлөө (тиркеме 14).

Анкеталарды берүү ыкмасы: онлайн, электрондук маалыматтык - билим берүү түйүнү (мындан ары- ЭМБТ) интернет тармагы аркылуу жана кагаз түрүндө берилет.

3.4. Онлайн режиминде анкетирлөө болгон учурда, иштелип чыккан жана бекитилген анкеталар ЭМБТке киргизилет. Түзүмдүк бөлүмдөрдөн жоопттуулар студенттерге анкеталардын жайгашкан ордун жана өткөрүү мөөнөтүн көрсөтүү менен онлайн анкетирлөө өткөрүлүшү жөнүндө маалымат беришет. Онлайн анкетирлөөнүн жыйынтыктары ББСАжЛБнө берилет.

3.5 Анкеталар кагаз түрүндө болгон учурда тийешелүү түзүмдүк бөлүмдөрдө жооптуулар белгиленген мөөнөттө анкеталарды таратууну жана чогултууну уюштурушат. Түзүмдүк бөлүмдөрдөгү жооптуулар анкеталарды алдын ала иштеп чыгууну уюштурушат.

3.6 Анкетирлөө – анын максаттарын, суроолордун мазмунун жана окуу процессинин алкагында уюштуруу ыкмасын түшүндүрүү, ошондой эле сурамжылоодо колдонула турган анын формаларын көрсөтүү менен коштолот. Анкетирлөө катышуучулар тарабынан анкеталарды өз алдынча толтуруу жолу менен жүргүзүлөт.

3.7 Таризделген протоколдорду сактоо мөөнөтү 3 жылдан кем эмес же аккретидациялык экспертиза жүргүзүлгөн учурга чейин сакталат.

3.8 ББСАжЛБү анкетирлөөнүн жыйынтыгы боюнча диаграммалар, таблицалар же статитикалык маалыматты берүүнүн башка ыкмалары түрүндө ар бир маселе боюнча тандоонун пайыз катышын көрсөтүү менен институттардын/колледждин жана кафедралардын/ПЦБлардын жалпыланган маалыматтарын камтыган аналитикалык отчет түзөт.

3.9 Анкетирлөөнүн жыйынтыктары ректорго, окуу иштер боюнча проректорго, институттардын/колледждин директорлоруна, кафедра/ПЦБнын башчыларына маалымдалат, ошондой эле сапат боюнча комитетте талкуудан өтөт жана зарыл болгон учурда Окумуштуулар кеңешинин кароосуна киргизилет.

3.10. Анкетирлөөнүн жыйынтыктары билим берүү процессинин сапаты маселелери боюнча башкаруучулук чечимдерди кабыл алууда эске алынат.

3.11. Анкетирлөөнүн жыйынтыгы боюнча алынган маалымат ички колдонууга арналат. Аны жарыялоо жана андан ары колдонуу жөнүндө чечимди ОшТУнун ректору кабыл алат.

*Тиркеме 1*

**I - КУРСТАРДЫН СТУДЕНТТЕРИНЕН СУРАМЖЫЛОО ЖҮРГҮЗҮҮ “ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЫ КАТАРЫ ЭМНЕ ҮЧҮН ОшТУну ТАНДАП АЛЫДЫҢЫЗ?”**

**Урматтуу студенттер!**

ОшТУда окуган 1-курстун студентеринин окууга ылайыкташуу даражасын аныктоо максатында сурамжылоого катышууңуздарды суранабыз. Суроолорду кунт коюп окуп, ага эң ылайыктуу жоопторду тандаңыз ( бир нече жооп болушу мүмкүн). Жооптор жалпыланган формада колдонулуп, билим сапатын жогорулатуу үчүн колдонулат.

Фамилияңызды жана атыңызды көрсөтүүнүн кереги жок, бардык жооптордун анонимдүүлүгү кепилденет.

*Кызматташуңуз үчүн алдын ала ыраазычылык билдиребиз!*

**1*. Сиз ЖОЖго тапшыруу үчүн кантип даярдандыңыз?**
- ✓ өз инсандыгымдын жекече өзгөчөлүктөрүн билдим
- ✓ тандап алган кесиптин талаптарына кызыктым
- ✓ окуу жай жана ага кабыл алуунун эрежелери менен тааныштым
- ✓ тапшыруу үчүн керектүү сабактарды өз алдымча тереңдетип, окудум
- ✓ репетиторлор менен көп машыктым
- ✓ башка жооп: ______________________________

**2*. ОшТУ тууралуу малыматты Сиз кайдан алдыңыз?**
- ✓ интернет-сайттарынан башкалардан – akipress.kg, 24.kg, oshtu.kg
- ✓ ОшТУнун жарнамалык буклеттеринен, социалдык баракчалардан
- ✓ телеберүүлөрдөн
- ✓ ата-энемден, бир туугандарымдан
- ✓ мектеп мугалимдеринен, педагогдордон
- ✓ башка жооп: ______________________________

**3*. Сиздин ОшТУга тапшырган максатыңыз?**
- ✓ сүйгөн кесипке ээ болуу
- ✓ сапаттуу жогорку билим алуу
- ✓ университет адистик боюнча чет тилдерде билим алуу мүмкүнчүлүгүн берет
- ✓ заманбап багыттардын болушу
- ✓ жакшы жарнама берилген
- ✓ контракттык негизде ылайыктуу төлөм
- ✓ ЖОЖдун дипломун алуу жумушка орношуу мүмкүнчүлүгүн камсыздайт
- ✓ престиждүү ЖОЖ
- ✓ башка жооп: ______________________________

**4*. Сиздин адистикти тандоого эмне себеп болду?**
- ✓ социалдык жактан кадыр-барктуулугу
- ✓ келечекте карьера кылуу мүмкүнчүлүгү
- ✓ башка кызматкерлерди жетектөө мүмкүнчүлүгү
- ✓ элге жана коомго пайда алып келүү мүмкүнчүлүгү
- ✓ престиждүү адистикке ээ болуу умтулуусу
- ✓ келечекте туруктуу киреше алып келе турган адистикке ээ болууга умтулуу
- ✓ Кыргызстандагы ишкана жана уюмдардын ушул адистикке талап жогору болушу
- ✓ окуу акысынын баасы
- ✓ башка жооп: ______________________________

**5. Алгачкы сабактардан кийин өтө аз убакыт өткөндөн кийин сиздин адаптацияңыз?**
- ✓ эң жакшы көнүгүп кеттим
- ✓ жакшы көнүгүп кеттим
- ✓ көнүгө албай жатам
- ✓ кыйындык менен ыңгайлаштым

- ✓ башка жооп ___

**6. Группанын куратору сизге жетиштүү көңүл бурабы?**

- ✓ооба, дайыма ар бир студент менен сүйлөшүүлөрдү жана кеңешмелерди өткөрөт
- ✓группа менен гана сүйлөшүүлөрдү жана кеңешмелерди өткөрөт
- ✓группанын куратору жеке кеңешмелер үчүн жеткиликтүү эмес
- ✓группанын куратору группага жетиштүү убакыт бөлбөйт.

**7. Сиз ОшТУну аяктагандан кийин тандап алган адистигиңиз боюнча иштеп кете алам деп эсептейсизби?**

- ✓ ооба
- ✓ жок
- ✓ айтуу кыйын
- ✓ башка жооп: ___

**8. Бүгүнкү күнү жогорку билим жакшы жашоонун кепилдиги боло алабы, Сиз кандай ойлойсуз?**

- ✓ ооба
- ✓ жок
- ✓ айтуу кыйын
- ✓ башка жооп: ___

**9. Мыкты билим, калыс, чынчыл эмгектин аркасы менен азыркы учурда коомдогу жогорку абалга жетүү мүмкүнбү? Сиз кандай ойлойсуз?**

- ✓ ооба
- ✓ жок
- ✓ айтуу кыйын
- ✓ башка жооп: ___

**10. Сиздин көз карашыңыз боюнча жашоодо жыргал турмушка жана ийгиликке жетишүү үчүн эмне маанилүү?**

- ✓ жөндөмдүүлүктөр, талант
- ✓ билим
- ✓ ата-энелердин жардамы, алардын коомдук абалы, тууганчылык байланыштар
- ✓ башка жооп: ___

**11 . Сиздин оюңуз боюнча кандай факторлор билим берүүнүн сапатына терс таасирин тийгизет?**

- ✓ студенттердин мотивациясынын төмөн деңгээли;
- ✓ студенттердин окууга кызыктыруу ыкмаларынын жоктугу;
- ✓ окуу сабактардын техникалык жактан жабдылышынын төмөн деңгээли;
- ✓ профессордук- окутуучулук курамдын квалификациясынын жетишсиздиги;
- ✓ окуу процессинин уюштурулушу;
- ✓ бир мугалимге студенттердин санынын көптүгү жана аудитордук фонддун абалы;
- ✓ студентерге маалыматты жеткирүүнүн өз убагында эмес уюштурулушу
- ✓ башка жооп ___

**Эскертүү:** * белгиси турган суроолорго сизге туура келген бир нече жоопторду белгилесеңиз болот.

*Тиркеме 2*

## «ОшТУнун ИНСТИТУТТАРЫНЫН/КОЛЛЕДЖИНИН ИШИНИН САПАТЫН БААЛОО» АНКЕТАСЫ

*Урматтуу студенттер!*

Сурамжылоо ОшТУдагы институттурдын/колледждин ишмердүүлүгүнүн сапатын баалоого арналган. Суроолорду кунт коюп окуп чыгып, институттардын/колледждин ишмердүүлүгүнө баа бериңиз: 5 - жогорку деңгээл үчүн, 4 - жакшы деңгээлде, 3 -

канааттандырарлык, 2 - канааттандырарлык эмес, 1 – эң төмөнкү деңгээлде. Ошондой эле, институттардын/колледждин ишинин сапатын жогорулатуу боюнча пикирлериңизди жазууңуз зарыл.

Биз ОшТУнун институттарынын/колледждин ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун изилдейбиз. Сиздин чын жүрөктөн берген жоопторуңуз бизге баа жеткис жардам болот.

Фамилияңызды жана атыңызды көрсөтүүнүн кереги жок, бардык жооптордун анонимдүүлүгү кепилденет.

*Кызматташуңуз үчүн алдын ала ыраазычылык билдиребиз!*

1. Сиз окуган институттун/колледждин аталышы ______________________

2. Окуп жаткан курсуңуз ______________________

| № | Сапатты баалоо индикаторлорунун аталышы | Баалоо |
|---|---|---|
| 1. | Сиз кайсы курста окуйсуз? | 1, 2, 3, 4, 5 |
| 2. | Сиздин институтуңуздагы студенттердин окуудагы жетишкендигин көзөмөлдөшүн жана окуу процесстерине көмөктөшүүсүн баалаңыз | 1, 2, 3, 4, 5 |
| 3. | Институттун жаңжалдуу кырдаалдарды чечүүдөгү жардамын баалаңыз | 1, 2, 3, 4, 5 |
| 4. | Институтуңузда социалдык колдоого муктаж студенттер менен жүргүзүлгөн ишти баалаңыз | 1, 2, 3, 4, 5 |
| 5. | Институтуңузда студенттер менен жүргүзүлгөн маданий-массалык иш-чаралардын натыйжасын баалаңыз | 1, 2, 3, 4, 5 |
| 6 | Сиз институтуңуздун дирекциясынын ишин кандай баалайсыз? | 1, 2, 3, 4, 5 |
| 7. | Сиз институттун дирекциясынын кызматтарын канчалык көп пайдаланасыз? | - кээде<br>- көбүнчө<br>- ар дайым<br>- мен такыр колдонбойм |
| 8. | Сиз институтта керектүү маалыматты алуу үчүн орто эсеп менен канча убакыт коротосуз? | - 30 мүнөт<br>- 1 саатка чейин<br>- 2 сааттан ашык<br>-1 же андан көп күн |
| 9. | Студенттерге маалымат берүү үчүн институт кандай каражаттарды колдонот? | -UNIVER/ mobile<br>- WhatsApp<br>- маалымат тактайчасы<br>- башка |
| 10. | Сиз үчүн институтка баруу үчүн эң ылайыктуу убакыт кайсы? | - эртең менен<br>- түшкү тамактан кийин<br>- күндүз<br>- башка |
| 11. | Институттан Сизди кызыктырган маалыматты ар дайым таба аласызбы? | - ооба<br>- жок<br>- дайыма ооба эмес<br>- мага жооп берүү кыйын |
| **Эгер зарыл деп ойлосоңуз, өз пикириңизди жазыңыз:** | | |
| **№** | **Сапатты баалоо көрсөткүчтөрүнүн аталышы** | **Сунуштар** |

| | | |
|---|---|---|
| 1. | Институттун кызматтарын пайдаланууда эң негизги көйгөйлөрдү белгилеңиз | |
| 2. | Сиздин оюңузча, институттун ишинде эмнелерди өзгөртүү керек? | |
| 3. | Институттун ишин жакшыртуу боюнча Сиздин сунуштарыңыз | |

*Тиркеме 3*

## ОшТУНУН СТУДЕНТТЕРИНИН ОКУУ ПРОЦЕССИНЕ КАНААТТАНУУСУН БААЛОО БОЮНЧА АНКЕТА

Сиз катышып жаткан сурамжылоо ОшТУдагы окуунун сапаты жана коррупция маселелерине арналган. Суроолорду кылдаттык менен окуп, өз баанызды бериңиз. Ошондой эле, өз пикирлериңизди жана сунуштарыңызды жазууңуз зарыл. Биз университеттеги окуунун сапатын жакшыртуу боюнча иштеп жатабыз. Сиздин пикириңиз окуу процессин жакшыртууда абдан маанилүү.

Фамилияңызды жана атыңызды көрсөтүүнүн кереги жок, бардык жооптордун анонимдүүлүгү кепилденет.

*Кызматташуңуз үчүн алдын ала ыраазычылык билдиребиз!*

Институт/колледж________________________________

Окуу багыты/адистиги________________________________

Курс________________________________

Окуу формасы (күндүзгү же сырттан окуу)________________

Даярдык деңгээли (бакалавр, адис же магистр)____________

1. **ОшТУдагы окуу процессине канчалык канааттанасыз?**

| № | Сапатты баалоо көрсөткүчтөрүнүн аталышы | Баалоо |
|---|---|---|
| 1 | Институтуңуздагы окутуунун сапатына кандай баа бересиз? | - эң жогорку деңгээлде<br>- жакшы деңгээлде<br>- канааттандырарлык<br>- канааттандырарлык эмес<br>- башка жооп ___________ |
| 2 | ОшТУдагы окутуу сиздин күтүүлөрүңүзгө жооп береби? | - ооба<br>- жок<br>- билбейм<br>- башка жооп ___________ |
| 3 | Сиздин кураторуңуздун ишине кандай баа бересиз? | - эң жогорку деңгээлде<br>- жакшы деңгээлде<br>- канааттандырарлык<br>- канааттандырарлык эмес |
| 4 | Окутуучулар тарабынан сабактан тышкары убакта консультациялар уюштурулабы? | - ар дайым жеткиликтүү<br>- кээде<br>- сейрек<br>- жеткиликсиз<br>- башка жооп ___________ |
| 5 | Окуу программаларында заманбаптыгы жана актуалдуулугу сабактар камтылганбы? | - абдан жогору<br>- жогору<br>- орточо<br>- төмөн<br>- өтө төмөн |

| | | |
|---|---|---|
| | | - башка жооп_______ |
| 6 | Окуу аудиторияларынын материалдык-техникалык жабдылышы канааттандырабы? | - эң жогорку деңгээлде<br>- жакшы деңгээлде<br>- канааттандырарлык<br>- канааттандырарлык эмес |
| 7 | Сизди окуу аудиториялардын санитардык - гигиеналык абалы канааттандырабы? | - ооба<br>- жок<br>- жооп берүү кыйын |
| 8 | Сиз ОшТУ уюштурган илимий-изилдөө иш-чараларына (конференциялар, тегерек столдор, илимий талкуулар ж.б.) катышасызбы? | - ооба, үзгүлтүксүз катышам<br>- жок, анткени убакыт жетишсиз<br>- жок, анткени кызыксыз<br>- кээде |
| 9 | Спорттук жана маданий иш-чараларга катышасызбы? | - ооба, активдүү катышам<br>- кээде катышам<br>- жок, катышпайм |
| 10 | ОшТУда жеке инсанды чыгармачылык жактан өнүктүрүүгө шарттар барбы? | - мен өз жөндөмүмдү толук көрсөтө алам<br>- мүмкүнчүлүктөрүмдү көрсөтүү үчүн шарттар жетишсиз<br>- мүмкүнчүлүктөрдү көрсөтүүгө ылайыктуу шарттар жок<br>- жооп берүү кыйын |
| 11 | Сиз университеттин администрациясынын мамилесине канааттанасызбы (анын ичинде директорлорго)? | - ооба<br>- жок<br>- жооп берүү кыйын |
| 12 | Сиз ОшТУнун стратегиясы, максаттары жана милдеттери тууралуу канчалык деңгээлде маалыматка ээсиз? | - ооба, жакшы билем<br>- жок, бирок укканмын<br>- такыр билбейм |
| 13 | Сиз ОшТУнун миссиясын билесизби? | - ооба, жакшы билем<br>- жок, билбейм |
| 14 | Сиз ОшТУнун веб-сайтын пайдаланып, маалымат аласызбы? | - ооба, тез-тез маалымат алам<br>- ооба, кээде эле маалымат алам<br>- ооба, уккам, бирок маалымат албайм<br>- жок, ОшТУнун веб-вайты жөнүндө билбейм |
| 15 | Сиз окуу процессин уюштурууда кандай көйгөйдү көрүп жатасыз? (*3 вариантка чейин жооп берсеңиз болот*) | - окулган дисциплиналар менен ээ болуп жаткан адистиктин дал келбестиги<br>- эң маанилүү предметтерге бөлүнгөн сааттардын жетишсиздиги<br>- аудиториялык сабактардын көптүгү<br>- окутуунун сапаты<br>- практикалык сабактардын аздыгы<br>- эскирген окутуу ыкмалары<br>- материалдык-техникалык базанын эскилиги<br>- башка ___________ |
| 16 | Жалпысынан ОшТУдагы окууңузду кандай баалайсыз? | - эң жогорку деңгээлде<br>- жакшы деңгээлде<br>- канааттандырарлык<br>- канааттандырарлык эмес |

| | | |
|---|---|---|
| 17 | ОшТУну башка абитуриенттерге сунуштамак белеңиз? | - ооба<br>- балким<br>- так эмес<br>- жок |
| 18 | ОшТУда коррупция канчалык кеңири жайылган (жетекчиликте, профессордук - окутуучулук курамда ж.б.): | - бул тууралуу эч нерсе билбейм<br>- маалыматым бар, бирок так жооп бере албайм<br>- жооп берүү кыйын<br>- башка _______________ |
| 19 | ОшТУда жана өлкөдө коррупциялык аракеттерге туш болгондо кайсы жакка кайрылуу керектигин билесизби? | - ооба<br>- жок |

**2. Сиз окуу процессине тышкаркы камсыздоого канчалык канааттанасыз?**

| № | Сапатты баалоо көрсөткүчтөрүнүн аталышы | Баалоо | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Толугу менен канааттан-дырат | Жарым-жартылай канааттан-дырат | Канааттан-дырбайт | Жооп берүү кыйын |
| 1 | Китепкананын ишине | | | | |
| 2 | Окуу залынын ишине | | | | |
| 3 | Китепканадагы окуу китептери жана окуу-усулдук колдонмолор менен камсыздалышына | | | | |
| 4 | Компьютерлерге кирүү мүмкүнчүлүгү | | | | |
| 5 | Компьютердик класстарда интернет түйүнүнө кирүү мүмкүнчүлүгү | | | | |
| 6 | Ашкананын ишине | | | | |
| 7 | Жатакананын шарттарына | | | | |

Эгер сиз муну зарыл деп эсептесеңиз, өз пикириңизди жана сунушуңузду кошуңуз:
Прикрлер:_______________________________________________________________

_______________________________________________

ОшТУда билим берүүнү жакшыртуу боюнча Сиздин сунуштарыңыз_____________

_______________________________________________________________________

Сиздин оюңузча, жеке жана кесиптик өнүктүрүү үчүн кандай кошумча курстар (ийримдер, клубдар, спорт секциялары, факультативдер ж.б.) зарыл?

_______________________________________________________________________

_______________________________________________________________________

*Тиркеме 4*

# ОшТУНУН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНӨ ПРОФЕССОРДУК-ОКУТУУЧУЛУК КУРАМДЫН КАНААТТАНУУСУН БААЛОО БОЮНЧА АНКЕТА

***Урматтуу кызматкерлер!***

ОшТУда билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу системасынын алкагында, окутуучулардын окуу жана илимий ишмердүүлүктүн бардык түрлөрүндө университеттин ишине канааттануусу боюнча сурамжылоо жүргүзүлүүдө.

Суроолорго жооп берүү үчүн беш баллдык шкала боюнча өз баалооңузду көрсөтүшүңүз зарыл: 0 – толук канааттанбагандык, 1 – канааттанбагандык, 2 – канааттанбагандыкка караганда көбүрөөк наарazычылык, 3 – канааттануу, 4 – олуттуу канааттануу, 5 – максималдуу канааттануу.

Фамилияңызды жана атыңызды көрсөтүүнүн кереги жок, бардык жооптордун анонимдүүлүгү кепилденет.

*Кызматташуңуз үчүн алдын ала ыраазычылык билдиребиз!*

**Кызматы:**

- окутуучу
- ага окутуучу
- доцент
- профессор
- кафедрасы башчы (доцент)
- кафедра башчы (профессор)
- башка

**Окумуштуулук даража:**

- илимдин доктору
- илимдин кандидаты
- жок

**ОшТУда иш стажы____________ жыл**

1-5

5-10

10-көп

**Жынысы__________**

**Жашыңызды көрсөтүңүз ________ жаш**

**Сиз канчалык деңгээлде ОшТУнун ишмердүүлүгүнө канааттанасыз?**

| № | Баалоо критери | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1.1. | Өзүңүздүн кызмат ордуңузга | | | | | | |
| 1.2. | ОшТУнун миссиясына, саясатына, стратегиясына жана алардын ишке ашырылышына | | | | | | |
| 1.3. | ОшТУнун коомдогу жана Кыргызстандагы ЖОЖдор арасындагы рейтингине | | | | | | |
| 1.4. | ОшТУнун өнүгүүсү жана жакшыртылышына | | | | | | |
| 1.5. | Окуу иштери боюнча проректордун ишинин сапаты | | | | | | |
| 1.6. | Илим жана инновация боюнча проректордун ишинин сапаты | | | | | | |
| 1.7. | Сырткы байланыштар жана өнүгүү боюнча проректордун ишинин сапаты | | | | | | |
| 1.8. | Мамлекеттик тил боюнча проректордун ишинин сапаты | | | | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1.9. | Тарбия иштери жана социалдык өнүктөрүү департаменинин ишинин сапаты | | | | | | |
| 2.0. | Табигый-гуманитардык илимдер борборунун ишинин сапаты | | | | | | |
| 2.1. | Профкомдун ишинин сапаты | | | | | | |
| 2.2. | Окуу бөлүмүнүн ишинин сапаты | | | | | | |
| 2.3. | Кадрлар бөлүмүнүн ишинин сапаты | | | | | | |
| 2.4. | Эл аралык бөлүмдүн ишинин сапаты | | | | | | |
| 2.5. | Билим берүүнүн сапаты, аккредитациялоо жана лицензиялоо бөлүмүнүн ишинин сапаты | | | | | | |
| 2.6. | Практика башчысынын ишинин сапаты | | | | | | |
| 2.7. | Жалпы бөлүмдүн ишинин сапаты | | | | | | |
| 2.8. | Редакциялык басма бөлүмдүн ишинин сапаты | | | | | | |
| 2.9. | Илим, инновация жана кошумча билим берүү бөлүмүнүн ишинин сапаты | | | | | | |
| 2.10. | Магистратура бөлүмүнүн ишинин сапаты | | | | | | |
| 2.11. | Аспирантура жана доктарантура бөлүмүнүн ишинин сапаты | | | | | | |
| 2.12 | Санариптик инновациялар бөлүмүнүн ишинин сапаты | | | | | | |
| 2.13. | Укуктук иштер бөлүмүнүн ишинин сапаты | | | | | | |
| 2.14. | Бухгалтериянын ишинин сапаты | | | | | | |
| 2.15. | Экономика-пландоо бөлүмүнүн ишинин сапаты | | | | | | |
| 2.16. | Атайын жана мобилизация иштери боюнча бөлүмдүн ишинин сапаты | | | | | | |
| 2.17. | Маалымат технологиялар жана компьютердик техникалык тейлөө бөлүмүнүн ишинин сапаты | | | | | | |
| 2.18. | Китепкананын ишинин сапаты | | | | | | |
| 2.19. | Административдик чарба бөлүмүнүн ишинин сапаты | | | | | | |
| 2.20. | Дирекциянын ишинин сапаты | | | | | | |
| 2.21 | Кафедранын ишинин сапаты | | | | | | |
| 2.22 | Студенттик кадрлар бөлүмүнүн ишинин сапаты | | | | | | |
| 2.23 | Окумуштуу катчынын ишинин сапаты | | | | | | |
| 2.24 | Башкаруучулук чечимдерди кабыл алууга Сиздин катышуу мүмкүнчүлүгүңүз | | | | | | |
| 2.25 | Эмгекти уюштуруунун шарттары жана жумуш орундардын жабдылышы | | | | | | |
| 2.26 | ОшТУдагы эмгекти коргоо жана коопсуздук шарттары | | | | | | |
| 2.27 | Социалдык кепилдиктердин аткарылышына | | | | | | |
| 2.28 | Эмгек акы төлөө | | | | | | |
| 2.29 | Өз ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктары үчүн сыйлоо системасы | | | | | | |
| 2.30 | Окуу-методикалык адабияттардын сапаты жана саны | | | | | | |
| 2.31 | Сабак өтүү үчүн аудиториялык фонддун жетиштүүлүгү жана абалы | | | | | | |
| 2.32 | Аудиториялардын заманбап материалдык-техникалык окуу каражаттары менен жабдылышы | | | | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2.33 | Компьютердик ресурстар жана керектүү оргтехника менен жабдылышы | | | | | | |
| 2.34 | Интернеттин жеткиликтүүлүгү | | | | | | |
| 2.35 | Кафедрада/бөлүмдөгү кесиптештер менен болгон мамиле | | | | | | |
| 2.36 | Студенттер (магистранттар) менен мамилелер | | | | | | |
| 2.37 | Кызматкерлер үчүн тамактануунун уюштурулушу | | | | | | |
| 2.38 | Кызматкерлер үчүн медициналык тейлөөнүн уюштурулушу | | | | | | |
| 2.39 | Китепканадагы тейлөө | | | | | | |
| 2.40 | ОшТУда спорт менен машыгууга мүмкүнчүлүктөр | | | | | | |
| 2.41 | Кызматкерлер үчүн жеңилдиктердин тизмеси | | | | | | |
| 2.42 | Кыйын турмуштук кырдаалда (жакындарынын жоготуу, дарылануууга муктаждыгы, турай-жай муктаждыгы ж.б.) кызматкерлерге бир жолку төлөмдөр | | | | | | |
| 2.43 | Ден соолукту чыңдоо үчүн кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгү | | | | | | |

**2. Сизди ОшТУда иштөөгө эмне кызыктырат?**
***(тандалган варианттардын ичинен 3төн ашык эмес вариантты белгилеңиз)***

- кесиптик өсүү перспективасы
- адистик боюнча иштөө
- университеттин жогорку кадыр-баркы
- жакшы шарттар
- окутуучулук ишмердүүлүк менен алектенүүгө мүмкүнчүлүк
- илимий ишмердүүлүк менен алектенүүгө мүмкүнчүлүк
- айлык
- жашаган жерге жакындык
- аспирантуранын жана диссертациялык кеңештин болушу
- башка ___________________

**3. Сиз башка жумушка которулууну каалайсызбы?**
*(тандалган варианттарды белгилеңиз)*

- жок
- айрым шарттарда, мүмкүн, ооба
- ооба, биринчи ыңгайлуу мүмкүнчүлүктө
- жооп берүү кыйын

**4. Сизге натыйжалуу иштөөгө эмне тоскоол болуп жатат?**
*(тандалган варианттарды белгилеңиз)*

- иштеген ордунда жабдуулардын жетишсиздиги
- методикалык камсыздоо жетишсиздиги
- физикалык чарчоо
- ден соолук абалы
- айлык акынын төмөндүгү
- жашаган жерден ишке алыстыгы
- кесиптик даярдыктын жетишсиздиги
- кызматташтардын мамилеси
- жетекчиликтин мамилеси
- башка ______________

**5. Университетте кайсы маалымат булактары Сиз үчүн негизгилер?**

- ректордун буйруктары, нускамалары ж.б.
- директордун, проректордун нускамалары
- университетте окуу, усулдук, илимий, тарбиялык жана башка процесстердин системасын жана уюштурууну аныктоочу жергиликтүү ченемдик документтер
- университеттин социалдык барачалары
- электрондук маалымат булактары (Универ+, ОшТУнун сайты ж.б.)
- башка ______________________________

**5.Оозеки булактар (сураныч, 3төн ашык эмес вариантты тандаңыз)**

- ОшТунун окумуштуулар кеңешинин отуруму
- институттун/колледждин окумуштуулар кеңешинин отуруму
- кафедранын отуруму
- жетекчилик менен жеке баарлашуу
- деканаттын, кафедранын кызматкерлери
- башка структуралык бөлүмдүн кызматкерлери
- мага ОшТУнун иштери боюнча маалымат келбейт
- мени ОшТУнун иштери тууралуу маалымат кызыктырбайт
- башка ______________________

**6. Жеке сизге квалификацияны жогорулатуу керекпи?**

*(тандалган варианттарды белгилеңиз)*

- ооба, педагогикалык
- ооба, профессионалдык
- ооба, илимий
- ооба, башка________________
- жок
- жооп берүү кыйын

**7. ОшТУнун жетекчилиги тарабынан окутуучулардын квалификациясын жогорулатууга берилген мүмкүнчүлүктөр сизди канчалык канааттандырат?**

| № | Баалоо критерийлери | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 8.1. | **педагогикалык:** | | | | | | |
| 8.1.1 | квалификациясын жогорулатуу курстары | | | | | | |
| 8.1.2 | конференцияларга, мастер-класстарга ж.б. катышуу мүмкүнчүлүгү | | | | | | |
| 8.1.3 | окуу-методикалык адабияттардын болушу | | | | | | |
| 8.1.4 | басмага макалаларды басып чыгаруу мүмкүнчүлүгү | | | | | | |
| 8.2. | **Кесиптик:** | | | | | | |
| 8.2.1 | квалификациясын жогорулатуу курстары | | | | | | |
| 8.2.2 | симпозиумдарга, консультацияларга, семинарларга катышуу мүмкүнчүлүгү, кесиптик коомдор, мастер-класстар ж.б. | | | | | | |
| 8.2.3 | адистик адабияттардын болушу | | | | | | |
| 8.2.4. | басмага макалаларды басып чыгаруу мүмкүнчүлүгү | | | | | | |
| 8.3 | **Илимий** | | | | | | |
| 8.3.1 | диссертациялык изилдөөлөрдү жүргүзүү мүмкүнчүлүгү | | | | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 8.3.2 | ар кандай деңгээлдеги илимий конференцияларга катышуу мүмкүнчүлүгү | | | | | | |
| 8.3.3 | илимий адабияттардын болушу | | | | | | |
| 8.3.4 | басмага макалаларды басып чыгаруу мүмкүнчүлүгү | | | | | | |

**8.Учурдагы квалификацияны жогорулатуунун кайсы формасын сиз өзүңүз үчүн эң ылайыктуу деп эсептейсиз?**
***(сураныч, 3төн ашык эмес вариантты тандаңыз)***

- o кафедраларда методикалык кеңешмелерди (семинарларды).
- o кесиптештердин лекцияларына катышуу
- o жаңы адабиятты изилдөө
- o ОшТУ өткөргөн семинарларга жана'конференцияларга катышуу
- o башка университеттер жана илимий уюмдар өткөргөн семинарларга, конференцияларга катышуу
- o диссертацияны жазуу жана коргоо
- o окуу-методикалык кенештин ишине катышуу
- o ОшТУнун квалификациясын жогорулатуу курстары
- o атайын окуу жана илимий мекемелерде стажировкадан өтүү
- o чет өлкөдө илимий стажировкадан өтүү
- o башка_______________________________________________
- o мага жооп берүү кыйын

**9. ОшТУда билим берүүнүн сапатын жакшыртуу, камсыз кылуу боюнча сиздин сунуштарыңыз** ________________________________________________________
________________________________________________________________________

*Тиркеме 5*

## ОшТУНУН АКЫРКЫ КУРСУНУН СТУДЕНТТЕРИ ҮЧҮН АНКЕТА

**Урматтуу студенттер!**

Бул сурамжылоо ОшТУнун акыркы курстарында окуу процессинин ишмердүүлүгүнө арналган. Суроолорду кунт коюп окуп чыгып, сиздин пикириңизге туура келгенин белгилеңиз. Ошондой эле, өз пикирлериңизди жана сунуштарыңызды жазууңуз зарыл. Биз университеттеги окуунун сапатын жакшыртуу боюнча иштеп жатабыз. Сиздин пикириңиз окуу процессин жакшыртууда абдан маанилүү.

*Кызматташуңуз үчүн алдын ала ыраазычылык билдиребиз!*

1. Атыңыз-жөнүңүз: _________________________
2. Адистиги
    - o орто кесиптик
    - o жогорку (бакалавр)
    - o жогорку (адистик)
    - o жогорку (магистр)
    - o башка
3. Кафедра:_____________________________________
4. Окуу мөөнөтү
    - o 1 жыл 10 ай
    - o 2 жыл 10 ай
    - o 2 жыл
    - o 4 жыл
    - o 5 жыл

- башка

5. Окуу программасы сиздин кесиптик максаттарыңызга канчалык жооп берет?
   - толук жооп берет
   - жарым-жартылай жооп берет
   - жок, жооп бербейт
6. Окуу учурунда кайсы көндүмдөрдү эң жакшы өздөштүрдүңүз? (бир нече вариантты тандасаңыз болот)
   - теориялык билим
   - практикалык көндүмдөр
   - коммуникациялык көндүмдөр
   - топ менен иштөө
   - башка: ____________
7. Практикалык тажрыйбаңыз барбы?
   - ооба, жетиштүү
   - бар, бирок аз
   - жок
8. Сиз практикадан толук өттүңүзбү?
   - толук өттүм
   - жарым-жартылай өттүм
   - өткөн жокмун
9. Сиз акыркы практика өтүүчү жайды кандай таптыңыз?
